**ФИЗИКА** **11 КЛАСС**

**ОКУТУУ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН** **ВАРИАНТ 3**

**Тест тапшырмалардын жалпы саны – 10**
**1-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны - 8**

*Бул бөлүм* ***4 жооптун ичинен 1 гана туура жоопту*** *белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Ар бир тапшырмага жооптун 4 варианты берилет. Алардын ичинен бир гана жооп туура. Сиз тандаган жоопту тегеректеп белгилеңиз.*

**№ 1.** Фотондун энергиясын туюнткан формуланы көрсөткүлө

а) $\varepsilon = \frac{h}{\nu}$ б) ε= hν в) $\varepsilon = \frac{h\lambda}{c}$ г) $\varepsilon = \frac{h\nu}{c^2}$

**№ 2.** Төмөнкү келтирилген чоңдуктардан кайсынысы атайын салыштырмалуу теориясында абсолюттук чоңдук болот?

а) убакыт аралыктары б) узундук
в) убакыт г) телонун массасы

**№ 3.** Төмөнкү шарттардын кайсылары лазердин пайда болушу үчүн зарыл болуп эсептелет:
1) Атомдордун спонтандык нурлануусу.
2) Атомдогу энергетикалык денгээлдердин инверсиялык толтурулушу.
3) Заттардын аргасыз нурлануусу.
4) Атомдордун радиоактивдүү ажырашы.
5) Атомдордун негизги стационардык абалда болушу.

а) 4, 5 б) 1, 2 в) 3, 4 г) 2, 3

**№ 4.** Кайсы нурдануунун өтүп кетүү мүмкүнчүлүгү эң зор?

а) γ б) α в) рентген г) β

**№5.** Натрийдин бууларынын нурлануу спектри кандай?

а) сызыктуу спектр б) үзгүлтүксүз спектр
в) тилкелүү спектр г) тилкелүү жана сызыктуу

**№ 6.** Энергиясы 2,5 эВ болгон жарыктын квантынын жыштыгын аныкта ($h = 6{,}63 \cdot 10^{-34}$ Дж ·с).

а) $5 \cdot 10^{14}$ Гц б) $4{,}6 \cdot 10^{16}$ Гц
в) $6 \cdot 10^{14}$ Гц г) $5{,}6 \cdot 10^{14}$ Гц

**№ 7.** Кыймылдагы электрондун массасы анын тынч абалдагы массасынан 2 эсеге чоң. Электрондун кинетикалык энергиясын аныктагыла.

а) 2 Дж б) $8{,}19 \cdot 10^{-14}$ Дж
в) 0,05 Дж г) $3 \cdot 10^{-10}$ Дж

**№ 8.** Суутектин атомун иондоштурууга 13,6 эВ энергия талап кылынат. Иондоштурууну пайда кылуучу нурлануунун жыштыгын тапкыла.

а) $3{,}28 \cdot 10^{15}$ Гц б) $5 \cdot 10^{15}$ Гц
в) $4 \cdot 10^{15}$ Гц г) $2{,}2 \cdot 10^{15}$ Гц

**2, 3-бөлүмдөрдө тест тапшырмалар жок.**
**4-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны -2**

*Бул бөлүм* ***кыска жооптуу*** *тапшырмалардан турат. Жообу – 0 дон 9999га чейинки бүтүн сан. Жоопту атайын берилген чакмактарга (бир чакмакка бир гана сан) жазыңыз. Эгерде жоопто бөлчөк сан чыкса, анда бүтүнгө чейин тегеректегиле.*

**№4.1.** Гамма–квант менен (атом номери 13, массалык саны 27) алюминий өз ара аракеттенишкенде протон жана дагы бир ядро бөлүнүп чыгат. Бөлүнүп чыккан ядронун массалык санын аныктагыла.

**Чыгаруу:**

Жообу: | | | | |

**№ 4.2.** Радиоактивдүү күмүштүн массасы 540 суткада 4 эсе азайды. Бул күмүштүн жарым ажыроо мезгилин аныктагыла.

**Чыгаруу:**

Жообу: | | | | |

**ТЕСТТИН АЯГЫ**

**Баалоо критерийи:**
**1. №1-№ 8 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 1 балл берилет;
**2. №4.1, №4.2 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 2 балл берилет. Жалпы -12 балл.
**3. Таблица** боюнча баллдарды "баага" айландырабыз:

| Баа | "2" | "3" | "4" | "5" |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптор баал менен** | 0-4 баал | 5-7 баал | 8-9 баал | 10-12 баал |